DVV International

Education for Everyone. Worldwide. Lifelong.

# DVV INTERNATIONAL КЫРГЫЗСТАНДА **БИЗ ЖӨНҮНДӨ**

2025

Каржылык колдоосу менен:

Federal Ministry for Economic Cooperation and Development

Образование для каждого. Во всём мире.
На протяжении всей жизни.

Education for Everyone. Worldwide.
Lifelong.

Билим алуу ар бир адам үчүн. Бүтүндөй дүйнө жүзүндө билим алуу.
Өмүр бою билим алуу.

# DVV International Кыргызстанда

**DVV International —** Немис Элдик университеттер ассоциациясынын (Deutscher Volkshochschul-Verband e.V. Эл аралык кызматташтык институту. Уюм дүйнө жүзү боюнча 50 жылдан ашуун убакыттан бери чоңдорду окутуу жана үзгүлтүксүз билим берүү тармагында иштеп, **Европа, Азия, Африка жана Латын Америкасынын** 30дан ашык өлкөсүндө долбоорлорду ишке ашырып келет.

Кыргызстанда DVV International өз ишин 2002-жылы баштаган. Биздин миссия — ар бир адам жаш курагына, жашаган жерине же социалдык абалына карабастан, өмүр бою сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү.

### Кыргызстандагы негизги иш багыттары:

- Чоңдорду окутуу борборлорунун тармагын өнүктүрүү жана алардын ишмердигин колдоо
- кесиптик жана жеке өнүгүүгө өбөлгө түзгөн программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу
- мамлекеттик, коомдук жана билим берүү уюмдарынын дараметин чыңдоо
- туруктуу өнүгүү, тынчтык куруу, санариптештирүү, экологиялык көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча демилгелерди ишке ашыруу.

DVV International эл аралык тажрыйбаны жана жергиликтүү контекстти айкалыштырып, билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, адамдык капиталдын өнүгүшүнө жана коомдун дараметин чыңдоого көмөктөшөт.

we are ale

# Долбоорлор

**Биргелешкен аракеттер – Борбордук Азиядагы туруктуу өнүгүүнүн жолу (TRUST).** Долбоордун максаты – Фергана өрөөнүндө тынчтык маданиятын жайылтуу, аймактар жана уюмдар ортосунда кызматташтыкты жана өнөктөштүктү өнүктүрүү. Долбоор Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын чектеш райондорунда ишке ашырылат. Өнөктөштөр – жергиликтүү уюмдар: Өзбекстандагы аялдар менен балдарды социалдык-укуктук колдоо борбору «Мехржон»; Кыргызстандагы «Youth of Osh» коомдук бирикмеси; Тажикстандагы «Саодат» коомдук уюму.

**Жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн санариптик көндүмдөр аркылуу кеңейтүү – “Youth Go”долбоору** Бул долбоор DVV International менен өнөктөштүктө «Жаштарды өнүктүрүү институту» коомдук фонду тарабынан ишке ашырылууда. Максаты – Кыргызстандагы жаштардын жарандык жана саясий укуктарын коргоо, жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун кеңейтүү, укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, ошондой эле санариптик куралдар жана маалымат каражаттары аркылуу өз ара аракеттенүүнү күчөтүү. Долбоор өлкөнүн бардык аймактарында, 29 локацияда ишке ашырылат.

## Чоңдорду окутууну жана билим берүүнү Азияда илгерилетүү

**Долбоордун максаты – Кыргыз Республикасында Чоңдорду Окутуу жана Билим берүү (ЧОББ) тармагындагы ишмердикти чыңдоо жана кеңейтүү. Бул чоң долбоордун алкагында ар кандай багыттар боюнча долбоорлор ишке ашырылат:**

- Чоңдорду окутуу жана билим берүүнү улуттук жана жергиликтүү деңгээлде колдоону илгерилетүү. Долбоордун өнөктөшү – «Кыргызстандагы Чоңдорду Окутуу Ассоциациясы» (КЧОА). Максаттары: тармакты кеңейтүү жана кызматташтыкты бекемдөө, жергиликтүү тренерлердин дараметин жогорулатуу, актуалдуу окуу иш-чараларын уюштуруу.
- Кыргызстандын китепканаларында формалдуу эмес билимге жеткиликтүүлүктү кеңейтүү. Долбоордун өнөктөшү – КУ “Маалыматтык-ресурстук борборлор“. Максаттары: китепкана мейкиндигин оптималдаштыруу, чоңдор жана жаштар үчүн бейформалдык билимге жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, китепкана кызматкерлеринин дараметин, анын ичинде кыска мөөнөттүү кесиптик курстарды өткөрүү жөндөмүн жогорулатуу.
- Кыргыз Республикасында чоңдор үчүн бейформалдык билим берүүнү илгерилетүү жана өнүктүрүү. Долбоордун максаты – Инновациялык технологиялар жана билим берүү борборунун эффективдүү практикасынан чыгып, ЧОББ саясатын өркүндөтүү, туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ) жетүүгө жана 2021–2040-жылдарга карата Билим берүү стратегиясын бейформалдык билим берүү бөлүгүн ишке ашырууга, ошондой эле 2030-жылга чейин Чоңдорду окутуу жана билим берүү өнүктүрүү программасын аткарууга көмөктөшүү. Долбоордун өнөктөшү – «Инновациялык технологиялар жана билим берүү борбору» коомдук фонду.

# Долбоорлор

- Чоңдор жана жаштар үчүн инклюзивдик билим берүү. Долбоордун өнөктөшү – «ADRA Кыргызстан» гуманитардык агенттиги. Долбоордун максаты – улгайган адамдарга жана угуу мүмкүнчүлүгү чектелгендерге кол өнөрчүлүктү үйрөтүү аркылуу социалдык адаптациясын, финансылык көзкарандысыздыгын жана билим алуусун жогорулатуу. Долбоор Бишкекте ишке ашырылат.
- Чоңдорду окутуу жана билим берүү аркылуу реинтеграция. Долбоордун өнөктөшү– КФ «Ден Соолук Нуру». Долбоордун маанилүү миссиясы – пробациядагы жана абактан чыккан адамдарга коомго позитивдүү кайра интеграциялануууга мүмкүнчүлүк түзүү, кайталанган кылмыштын алдын алуу үчүн чоңдорду окутуу жана билим берүү аркылуу колдоо көрсөтүү. Ошондой эле, Кыргызстанда пробациядагы жана соттолгон адамдардын туруктуу кайра интеграциясына жардам берүү максатында, кесиптик окутуу жана рецидивдердин алдын алуу программалары сыяктуу зарыл кызматтарга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү.

Curriculum ManagerALE — чоңдорду окутуу мекемелеринин жетекчилеринин даражетин жогорулатуу үчүн инструмент. Бул модулдук билим берүү программасы заманбап жетекчилердин жана адистердин башкаруучулук көндүмдөрүн жана компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган. 2024–2025-жылдары DVV International коомдук китепканалардын 18 жетекчиси үчүн окутууну уюштурат.

Curriculum GlobALE кесиптик-техникалык билим берүү системасынын адистери үчүн. DVV International Кыргыз Республикасынын Республикалык илимий-методикалык борбору (РИМБ) менен биргеликте кесиптик лицейлердин адистери үчүн курс өткөрөт. Окутуунун максаты – адистердин квалификациясын жогорулатуу, чоңдорду окутууда инновациялык ыкмаларды колдонуу, окутуу көндүмдөрүн өркүндөтүү.

**Кыргызстанда кесиптик багыт берүү чараларын колдоо.** Долбоордун максаты – Кыргызстандагы жаштардын кесиптик багыт берүү системасын өнүктүрүү жана Германиядагы дуалдык билим берүү программасына (Ausbildung) катышууга даярдоо. Долбоор 2024-жылдын ноябрында Германиянын Эмгек федералдык агенттиги, DVV International жана Кыргыз Республикасы ортосунда өз ара түшүнүшүү меморандуму негизинде ишке ашырылат.

**Жаштардын кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү (Бавариядагы дуалдык окутуу модели).** Долбоордун максаты – жаштарда кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн эффективдүү моделин жайылтуу жана Германиядагы дуалдык окутуу системасы аркылуу сапаттуу кесиптик билим алууга мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. Долбоордун өнөктөштөрү: Кам районунун Элдик университети (Volkshochschule im Landkreis Cham e.V.), «Youth of Osh» коомдук бирикмеси.

***Бардык долбоорлор мамлекеттик жана бейөкмөт өнөктөштөр жана тармактар менен биргеликте, Германиянын Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү федералдык министрлиги (BMZ), Европа Биримдиги, Германиянын Тышкы иштер федералдык министрлиги жана башка донорлордун каржылык колдоосу менен ишке ашырылат.***




**DVV International колдоосу менен жергиликтүү өнөктөштөр Кыргызстан боюнча, алыскы аймактарды да камтып, долбоорлорду ишке ашырууда.** Бул демилгелер калктын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана өлкөнүн туруктуу өнүгүшүн чындоого өбөлгө түзөт.

**Немис Элдик университеттер ассоциациясынын Эл аралык кызматташтык институту**
(DVV International)

DVV International уюмунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү:
Фрунзе к., 402 720033 Бишкек +996 312 323901

info@dvv-international.kg

www.dvv-international-central-asia.org

YouTube

instagram

Facebook